КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) XXI сессиясы**

**Токтом № 81**

**Сүлүктү шаары** **26.12. 2022-жыл**

**Шаарды куруунун башкы планы жана шаардын аймагында шаар курулуш ченемдердин сакталышы жөнүндө**

Шаарды куруунун башкы планы жана шаардын аймагында шаар курулуш ченемдердин сакталышы жөнүндө шаардык шаар куруу жана архитектура башкармалыгынын башчысы Д. Мурзабековдун маалыматын жана шаардык кеңештин "Муниципалдык менчик, курулуш, жана архитектура" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамы, "Шаар куруу жана архитектура" жөнүндө мыйзамдарына ылайык шаардык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Шаарды куруунун башкы планы жана шаардын аймагында шаар курулуш ченемдердин сакталышы жөнүндө шаардык шаар куруу жана архитектура башкармалыгынын маалыматы кабыл алынсын.
2. Шаардык шаар куруу жана архитектура башкармалыгына:
   - шаардын аймагында шаар куруу жана курулуш иштеринин жүрүшүндө архитектура жана шаар куруу эрежелеринин жана нормаларынын сакталышын камсыз кылуу;
   - шаардын борбордук көчөлөрүндөгү жайгашкан мамлекеттик, жеке, юридикалык мекеме ишканалардын имараттары, соода - сатык ишкана жайларынын сырткы көрүнүш абалын заманбап жана нормага ылайык келтирүү боюнча иш - чара түзүү жана аткарууга алуу.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Муниципалдык менчик курулуш жана архитектура" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага: Р. М. Жайнаков